«НУР Телеком» ЖЧК

# O!Касса
# ПККМ
боюнча
Колдонмо

**Версия 1.1.0**

Бишкек ш.

# Мазмуну

1. Аныктамалар менен кыскартуулардын тизмеси ............3

2. Жалпы маалымат…..…………………………………….4

3. Иштөөнү камсыздоо шарттары……...…………………….4

4. Ишке киришүү………………….…………………………...5

5. Башка жоболор……………………………………………22

## 1. Аныктамалар менен кыскартуулардын тизмеси

**Программалык ККМ** (**ПККМ**) - фискалдык модуль/ФМОнун маалымат тутуму менен корголгон түрдө интеграция ичинде иштеген, маалыматтарды реалдуу мезгил режиминде өткөрүүнү камсыздоочу кардарлар тиркемеси сыпатында иштелип чыккан программалык камсыздоо;
**Фискалдаштыруу** – ПККМ фискалдык режимин күйгүзүү;
**Фискалдык модуль (мындан ары – ФМ)** –ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан берилген программалык-аппараттык каражат. Фискалдык модуль фискалдык маалыматтардын ыйгарым укуктуу орган тарабынан кабыл алынгандыгы ырасталганга чейинки мезгилде алардын каражаттын эстутумуна оңдолбой турган түрдө жазылышын, сакталышын жана корголушун камсыздайт. ПККМде ПККМге аралыктан туташуу мүмкүнчүлүгүн берген программалык камсыздоо катары кабыл алынган булуттук фискалдык модуль (мындан ары – булуттук ФМ) колдонулат;
**Фискалдык маалыматтар** – ФМ/ФМО аркылуу ПККМ тарабынан түзүлгөн жана кассалык операцияларды ишке ашырууда контролдук-кассалык чектер менен кассалык отчёттордо чагылдырылган, ФМ/фискалдык маалыматтардын оператору (мындан ары - ФМО) аркылуу милдеттүү түрдө ыйгарым укуктуу салык органына өткөрүлүүгө тийиш болгон маалымат;
**Документтин фискалдык белгиси** – (мындан ары - ДФБ) – ФМ жана фискалдык белгинин ачкычын колдонуу менен, же болбосо фискалдык маалыматтарды математикалык жана машиналык кайра өзгөртүп түзүүнүн натыйжасында фискалдык белгини пайда кылуучу каражаттарды жана мастер-ачкычты колдонуу аркылуу пайда болгон анык маалымат. Мындай маалыматтын болушу фискалдык маалыматтарды ФМ жана/же ДФБ текшерүү каражатын колдонуу менен жүргүзүлгөн текшерүүдө алардын оңдолуп-түзөтүлүшүн же фальсификацияланышын аныктап чыгууга мүмкүндүк берет;
**ПККМди фискалдаштыруу** – ПККМ фискалдык режимин күйгүзүү
**Фискалдык режим** – фискалдык маалыматтардын ПККМ, ФМге катталышын жана алардын ыйгарым укуктуу салык органына өткөрүлүшүн камсыздоочу ПККМдин иштөө режими.
**Фискалдык эмес режим** – фискалдык маалыматтарды каттоо, фискалдык белгини түзүү жана басып чыгаруу, ошондой эле фискалдык отчёт алуу функциялары аракетсиз абалда болгон ПККМдин иштөө режими. Бул режим фискалдаштыруу ишке ашырылганга чейин колдонуучуларга (кассир-операционисттерге) үйрөтүү максатында колдонулат;
**Нөөмөттү жабуу** – фискалдык модулда нөөмөт ичиндеги акчалай эсептешүүлөр жөнүндө жыйынтык маалыматты сактоо шарты менен нөөмөттү жабуу тууралуу отчёт түзүү боюнча жумуш нөөмөтүнүн аягында аткарылуучу операция. Нөөмөттү жабуу операциясы аткарылгандан кийин ПККМ мурунку нөөмөттөр боюнча кассалык операцияларды жасоо мүмкүндүгүн бөгөттөп коёт;
**УСО** – Ыйгарым укуктуу салык органы;
**АМТ** – УСОнун автоматташтырылган маалымат тутуму
**Фискалдык маалыматтардын оператору (ФМО)** – маалыматтарды топтоо жана аларды корголгон абалда ыйгарым укуктуу салык органына же Кыргыз Республикасындагы товарларды маркировкалоо жана маркировкаланган товарларды көзөмөлдөөнүн улуттук системасынын операторуна гана өткөрүү боюнча техникалык процессти камсыздоочу уюм (мындан ары – маркировкалоо оператору).
**Колдонуучу –** маалыматтарды топтоо жана аларды ыйгарым укуктуу салык органына өткөрүү боюнча ТТБ жана/же ФМО менен келишим түзгөн субъект.
**Нөөмөттү жабуу жөнүндө отчёт (Z-отчёт) –** нөөмөттү жабуу операциясын ишке ашыруу учурунда түзүлгөн нөөмөттүк эсептешүү операцияларынын жыйынтыгынын отчёту;
**Аралык отчёт (Х-отчёт)** – отчёт түзүү учурундагы нөөмөттүк эсептешүү операцияларынын жыйынтыгынын отчёту;
**ПККМ Техникалык тейлөө борбору (ТТБ)** – субъектиге ПККМдерди пайдаланууга даярдоо, аларды техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча кызмат көрсөткөн уюм (НУР Телеком).

## 2. Жалпы маалымат

ПККМ – бул кассир-операционисттин (ПККМ колдонуучусунун) иштөө процессин автоматташтыруу максатында иштелип чыккан кассалык тиркеме. Онлайн иштеген контролдук-кассалык техниканын башкы өзгөчөлүгү ФМО/ФМ жана/же УСОго автоматтык түрдө өткөрүлгөн электрондук фискалдык документтерди жаратуусунда.

ПККМдин колдонуу багыттары:

- Товарлар/кызматтар/иштер үчүн автоматтык режимде төлөмдөрдү кабыл алуу;
- электрондук архивди сактоо жана чектерди кайталап басып чыгаруу мүмкүндүгү;
- салттуу контролдук-кассалык машинанын жоктугу;
- ыңгайлуу отчёт түзүү жана нөөмөттү жабуу;
- маалыматтарды салык кызматы менен синхрондоштуруу;
- бардык девайстарда универсалдуу иштөө;
- кассалык транзакциялардын абалы боюнча оперативдик отчёттуулуктун болушу

## 3. Иштөөнү камсыздоо шарттары

3.1. ПККМди УСОнун АМТда каттоо
3.2. ПККМди ТТБда техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча келишимдин болушу
3.3. ПККМге мүмкүндүк алуу үчүн баштапкы сырсөздөр келишим аяктаганда ТТБ тарабынан берилет.
3.4. ТТБ тарабынан күнү-түнү техникалык колдоо көрсөтүлүшү
3.5. Сунушталган техникалык каражаттардын тизмеси

Веб-касса үчүн

| *Аталышы* | *Параметрлери* |
|---|---|
| ПКде орнотулган | *MS Windows XP*<br>*Microsoft .NET Framework 4.0*<br>*Белгиленген Microsoft Office топтому*<br>*Браузер. Сунушталган интернет-браузерлер: Google Chrome (65 же жаңыраак версия), Mozila Firefox (56 же жаңыраак версия) жана Microsoft Edge (44 же жаңыраак версия)* |

Мобилдик тиркемени колдонуу үчүн

| *Аталышы* | *Параметрлери* |
|---|---|
| Android смартфон | *5.0 жогору операциялык тутумдун версиясы менен* |
| iOS смартфон | *13.0 жогору жана андан жаңы операциялык тутумдун версиясы менен* |
| Bluetooth модулдун болушу | *3.0 жогору версиясы менен* |


3.6. Мобилдик тиркемени Play Market, Appstore’дон жүктөп алуу
3.7. Соңку колдонуучу операциялык тутумдун графикалык колдонуучу интерфейси, мобилдик тиркеме менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болуусу зарыл.

# 4. Ишке киришүү

4.1. Колдонуучу интерфейсине кирүү


Веб-кассанын колдонуучу интерфейсине кирүү https туташуу аркылуу интернет браузердин жардамы менен ишке ашат. Колдонуучу тутумдун URL дарегин киргизген соң, авторизациядан өтүү үчүн логин менен сырсөздү киргизүүгө арналган терезе ачылат. ПККМди ишке киргизүүдө - авторизациядан өтүү үчүн логин менен сырсөздү киргизүүгө арналган терезе ачылат.

Логинди жана сырсөздү киргизүү үчүн колдонуучудан «Войти» («Кирүү») баскычын басуу талап кылынат.





*1-сүрөт. Авторизация*

Колдонуучу баштапкы берилген сырсөздү жаңысына алмаштырууга тийиш. Баштапкы сырсөздү алмаштыруу үчүн салык төлөөчү режиминде тиркемеге кирип, сырсөздү жаңысына алмаштыруу зарыл. Ошондой эле сырсөздү кассир режиминде да алмаштырууга болот.
Маалыматтар ийгиликтүү киргизилген учурда колдонуучуга кассир-операционисттин маалыматтарын толтуруу мүмкүнчүлүгү менен жумуш мейкиндиги ачылат.




*2-сүрөт. Ийгиликтүү авторизация*

Маалыматтар туура эмес киргизилген учурда төмөнкүдөй ката чыгат:





*3-сүрөт. Ийгиликсиз авторизация*

## 4.2. Ийгиликтүү авторизация

Авторизация ийгиликтүү аткарылганда колдонуучуга төмөнкүлөрдү тандоо мүмкүнчүлүгү менен тутумдун башкы бети ачылат:

- Чектерди берүү жана иштөө үчүн фискалдык режим;
- Кассир-операционисттин профили;
- Сырсөздү алмаштыруу.

Тутум менен иштөөнүн негизги режими – фискалдык режимди карап чыгалы. Режим фискалдык маалыматтарды ПККМге каттоо жана аларды УСОго өткөрүү мүмкүндүгүн берет.
Бул үчүн «Фискалдык режим» вкладкасын басуу керек. Эгерде башка түзүлүштө жабылбаган сессия бар болсо, тутум колдонуучуга (кассир-операционистке) бул тууралуу кабар берет:




*4-сүрөт. Кассир-операционистке ачык сессия тууралуу кабарлоо*


«ДА» («Ооба») баскычын баскандан кийин фискалдык иштөө режими күйөт:

*5-сүрөт. Фискалдык иштөө режиминде башкы бет*

Тутум менен иштөөдө сол жакта башкы меню орун алган:

- Сатуу – товарларды/кызматтарды/иштерди сатуу боюнча операцияларды ишке ашыруу мүмкүндүгүн берет.
- Кайтаруу – сатылган товарлар/кызматтар/иштер үчүн акча каражаттарын кайтаруу боюнча операцияны ишке ашыруу мүмкүндүгүн берет.
- Башкы – тутумдун башкы бети, мурунку нөөмөт үчүн Z-отчётту чыгарууга, ошондой эле тутумдун каттоо эсебинен чыгууга мүмкүндүк берет
- X – отчёт – жыйынтык сумманын аралык отчётун чыгарууга мүмкүндүк берет.
- Тарыхча – көрсөтүлгөн мезгил аралыгы боюнча операциялардын тизмесин көрүп чыгуу мүмкүндүгүн берет.
- Маалымат – тиркеменин версиясын жана ПККМ жөнүндө маалыматтарды чагылдырат.
- Нөөмөттү жабуу жана Z-отчёт – нөөмөттү жабуу жана учурдагы нөөмөт боюнча Z-отчётту чыгарууга мүмкүндүк берет.


<u>Сатуу</u>
Бул бөлүмдө сатуу үчүн жеткиликтүү болгон бардык товарлар/кызматтар/иштер чагылдырылган. Товарларды/кызматтарды/иштерди аталыштары боюнча тез издөө жеткиликтүү.




*6-сүрөт. Сатууну өткөрүүдөгү башкы бет*


<u>Сатуу операциясын, маселен, товарды өткөрүү үчүн,</u> сатуу үчүн керек болгон товарларды тандоо зарыл. Кайсы бир товарды тандоодо оң жакта ал товар тууралуу маалымат чыгат.

Сатуу үчүн керек болгон бардык товарлар тандалгандан кийин «В чек» (Чекке) бөлүмүн басуу талап кылынат. Кошулган товарлардын тизмеси, ар биринин баасы жана төлөнө турган жалпы сумма көрсөтүлгөн баракча ачылат.





*7-сүрөт. Товарлардын/кызматтардын/иштердин тизмеси жайгашкан баракча*

Сатуу операциясын жүргүзүү үчүн төлөнө турган жалпы сумма көрсөтүлгөн жерге басылат. Төлөө ыкмасын тандоо үчүн баракча ачылат (Накталай/Накталай эмес – Наличные/Безналичные)




*8-сүрөт. Төлөө ыкмасын тандоо баракчасы*


Төлөө ыкмасын, маселен накталай төлөмдү тандоодо, кардардан алынган сумма көрсөтүлө турган терезе ачылат.




*9-сүрөт. Кардардан алынган сумманы көрсөтө турган баракча*


Эгерде сатылган товардын/кызматтын/иштин баасына барабар сумма кабыл алынса, колдонуучунун «Без сдачи» (Кайрып берүүсүз) баскычын басуусу жетиштүү.

Андан соң фискалдык чек менен аткарылган сатып алуу жөнүндө маалымат жайгашкан баракча ачылат. Чекти басып чыгаруу үчүн «Печать чека» (Чекти басып чыгаруу) басылат.





*10-сүрөт. Фискалдык чек чагылдырылган терезе*

Андан кийин жаңы сатууну ишке ашыруу же чекти басып чыгаруу мүмкүндүгү берилген терезе ачылып, жаңы сатууну ишке ашыруу же болбосо кардар менен e-mail, SMS аркылуу электрондук чекти бөлүшүү, файлды жүктөө ж.б. мүмкүнчүлүгү пайда болот.





*11-сүрөт. Жаңы сатууну ишке ашыруу же болбосо кардар менен электрондук чекти бөлүшүү мүмкүндүгү берилген терезе*

<u>Тизмеге кирбеген товарды кошуу үчүн</u> «Товар не из списка» (Тизмеге кирбеген товар) деген бөлүмдү басыш керек. Маалыматтарды киргизүү үчүн бош жер чыгат. Маалыматтарды, мисалы, товардын баасын, санын туура киргизип, сатууну өткөрүү үчүн жогорудагы алгоритмди аткаруу талап кылынат.




*12-сүрөт. Тизмеге кирбеген товарды сатууну жүргүзүү мүмкүндүгү берилген терезе*


Тизмеге жаңы товарды кошуу үчүн салык төлөөчү режиминде авторизациядан өтүп, «Каталог» бөлүмүнөн керектүү каталог менен категорияны тандап, «Добавить новый товар» (Жаңы товарды кошуу) вкладкасы басылат. Маалыматтарды киргизүү үчүн бош жерлер бар баракча ачылат. Маалыматтарды туура киргизип, «Сохранить» (Сактап коюу) деп басып коюш керек. Жаңы товар боюнча маалымат сатуу үчүн болгон товарлардын тизмесинен көрүнөт.




*13-сүрөт. Жаңы товарды тизмеге кошуу мүмкүндүгү берилген терезе*


Кайтаруу

Товарды кайтаруу операциясын жүргүзүү зарылдыгы келип чыккан учурда «Возврат» (Кайтаруу) бөлүмүнө кирүү талап кылынат. Сатылган бардык товарлардын тарыхчасы чагылдырылган баракча ачылат.





*14-сүрөт. Сатылган бардык товарлардын тарыхчасы чагылдырылган терезе*

Керектүү товарды кайтаруу үчүн тизмеден таап, аны басып коюш керек. Товардын сыпаттамасы, баасы ж.б. көрсөтүлгөн чек ачылат. Товардын туура тандалганын текшерип, «Возврат» (Кайтаруу) баскычын басуу зарыл.





*15-сүрөт. Товарды кайтаруу үчүн анын сыпаттамасы бар чектин терезеси*

Кайтаруу үчүн товарды тандоо мүмкүндүгү берилген баракча ачылат. Кайтарыла турган товарды көрсөтүп, «Сумма к оплате» (Төлөнө турган сумма) вкладкасын басыш керек.





*16-сүрөт. Чек боюнча кайтаруу үчүн товарды тандоо терезеси*

Андан ары товарды сатууда тандалып алынган төлөө ыкмасы менен акча каражаттарын кайтаруу суммасы көрсөтүлгөн терезе чыгат




*17-сүрөт. Акча каражаттарын кайтаруу суммасы көрсөтүлгөн терезе*


Андан ары сатууну кайтаруу боюнча кассалык чек чыгат, «Печать чека» (Чекти басып чыгаруу) вкладкасын басканда, кардарга чек чыгарылат жана кайтаруу операциясы аягына чыгат.




*18-сүрөт. Сатууну кайтаруу боюнча кассалык чек чагылдырылган терезе*

<u>Башкы</u>


Башкы бетке кайтуу үчүн «Главная» (Башкы) вкладкасын басуу керек. Нөөмөттү ачуу жөнүндө отчётту, мурунку нөөмөт боюнча Z-отчётту, ККМ жөнүндө маалыматты, кассир-операционист жөнүндө маалыматты карап чыгуу же сырсөздү алмаштыруу мүмкүндүктөрү берилген баракча ачылат.




*19-сүрөт. «Главная» (Башкы) вкладкасындагы маалымат*


<u>«Главная» (Башкы) вкладкасындагы «Информация о ККМ» (ККМ жөнүндө маалымат) сабында</u> ПККМ жөнүндө бардык маалыматтар, анын ичинде каттоо/кайра каттоо жөнүндө отчётту чыгарып алуу

мүмкүнчүлүгү да камтылган:




*20-сүрөт. «Информация о ККМ» (ККМ жөнүндө маалымат) вкладкасынын мазмуну*


ПККМ каттоодон чыгарылган учурда, ал ПККМге авторизацияланууда төмөнкүдөй жооп чыгат:




*21-сүрөт. ПККМди каттоодон чыгаруу жөнүндө отчёт (ФМ жабуу)*

<u>X – отчёт (аралык отчёт)</u>


Отчёт түзүү учурунда жыйынтык сумманын аралык отчётун чыгаруу үчүн «X – отчёт» вкладкасына кирүү талап кылынат.




*22-сүрөт. X-отчёт чагылдырылган терезе*

<u>Тарыхча</u>

Бардык операциялардын тизмеси «История» (Тарыхча) бөлүмүнөн жеткиликтүү. Аталган вкладкага өтүүдө бардык тарыхча камтылган жана берилген параметрлер боюнча (башталган жана аяктаган күн, операциянын түрү, ФД номери) чектерди издөөгө боло турган баракча ачылат.





*23-сүрөт. Эсептешүү операцияларынын тарыхчасы чагылдырылган терезе*

<u>«Информация» (Маалымат)</u> вкладкасында ПККМдин версиясы, иштелип чыккан күнү жана иштеп чыгуучунун аты чагылдырылган.

<u>«Прочие операции» (Башка операциялар)</u> колдонуучуга төмөнкү операцияларды жүргүзүү мүмкүндүгүн берет:

- Сатып алуу жана аны кайтаруу;
- Кассага киргизүү/кассадан төлөөлөр жана алардын тарыхчасы.





*24-сүрөт. «Прочие операции» (Башка операциялар) вкладкасынан жеткиликтүү операциялар чагылдырылган терезе*

1) Сатып алуу

a. **Сатып алуу** - Операция чет өлкөлүк накталай валюта менен акча алмаштыруу операцияларында, калктан айнек идиштерди, утилдештирилүүчү чийкизаттарды, таштанды темир-терсектерди, айыл чарба продукцияларын жана башка товарларды кийин кайра сатуу же кайра иштетүү максатында кабыл алууда (сатып алууда) ишке ашырылат. Сатып алуу операциясын жүргүзүү процесси товар сатуудагы операция менен бирдей.
b. **Сатып алууну кайтаруу** – сатып алууну сатуучуга кайра кайтаруу. Сатып алууну кайтаруу операциясын аткаруу процесси товар сатуудагы кайтаруу операциясы менен бирдей.

2) Кассага киргизүү жана кассадан төлөө
a. **Киргизүү жана төлөө** – акча каражаттарын кассага киргизүү же кассадан төлөө операциясы.
b. **Киргизүүлөр менен төлөөлөрдүн тарыхчасы** – кассадагы сумманын өзгөрүү тарыхчасынын чагылдырылышы.
Колдонуучунун ыңгайлуулугу үчүн операциянын мезгили жана/же түрү, жана/же чектин номери боюнча көрүп чыгуу функциясы киргизилген.

Нөөмөттү жабуу үчүн «Закрытие смены и Z-отчет» (Нөөмөттү жабуу жана Z-отчёт) вкладкасын басуу талап кылынат. Жабууну же жокко чыгарууну ырастоо үчүн баракча ачылат. Колдонуучунун (кассир-операционисттин) ыңгайлуулугу үчүн үстүңкү оң бурчта дайыма нөөмөттү ачуу күнү менен убактысы көрүнүп турат.




*25-сүрөт. Нөөмөттү жабуу үчүн терезе*

Салык төлөөчү режиминде нөөмөттү ачуу, ПККМди каттоо, ПККМди каттоо параметрлерин өзгөртүү, ФМди жабуу жөнүндө отчёттору көрүп чыгуу үчүн төмөнкү аракеттерди аткаруу талап кылынат:

a. **Нөөмөттү ачуу жөнүндө отчёт:** Башкы меню→Отчет→Нөөмөттөр


b. **ПККМди каттоо жөнүндө отчёт:** Башкы меню→Ишкердик объектилери→Тийиштүү бизнес түйүнүн

(дүкөндү) тандоо➔Кассалык аппараттарды ачуу➔16 цифрадан турган ПККМдин каттоо номерин басуу➔Каттоо тарыхчасынын терезесинен каттоонун «Первичная регистрация» (Биринчи каттоо) тибин басуу.

c. **ПККМди кайра каттоо жөнүндө отчёт:** Башкы меню➔Ишкердик объектилери➔Тийиштүү бизнес түйүнүн (дүкөндү) тандоо➔Кассалык аппараттарды ачуу➔16 цифрадан турган ПККМдин каттоо номерин басуу➔Каттоо тарыхчасынын терезесинен каттоонун «Перерегистрация» (Кайра каттоо) тибин басуу.


d. **ПККМди каттоодон чыгаруу жөнүндө (ФМди жабуу жөнүндө) отчёт: :** Башкы меню➔Ишкердик объектилери➔ «Показывать только активные» (Активдүүлөрдү гана көрсөтүү) жүгүрмөсүн активдүү эмес абалга алып келүү➔ Тийиштүү бизнес түйүнүн (дүкөндү) тандоо ➔«Заблокирован адм.» (Адм.тарабынан бөгөттөлгөн) статусундагы кассалык аппараттарды ачуу➔16 цифрадан турган ПККМдин каттоо номерин басуу ➔ Каттоо тарыхчасынын терезесинен каттоонун «Снятие с регистрации» (Каттоодон чыгаруу) тибин басуу.

Фискалдык эмес режимде иштөө кызматкерлерге ПККМден окуп-үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Мындай режимде маалыматтар УСОго өткөрүлбөйт. Фискалдык эмес режимди күйгүзүш үчүн тиркемеге кирүүнүн алдында «Нефискальный режим» (Фискалдык эмес режим) категориясына өтүү – жүгүрмөнү оңго которуу зарыл.




*26-сүрөт. ПККМдин фискалдык эмес режимге өтүү мүмкүндүгүн берген авторизациялык терезеси*

Веб-касса фискалдык эмес режимде иштөөгө өтөт, программа менен иштөө боюнча андан аркы иш-аракеттердин баары фискалдык режимде иштөөдөгү иш-аракеттер менен бирдей жана алар жогоруда сыпатталган.




*27-сүрөт. ПККМдин фискалдык эмес режиминин башкы терезеси*

## 5. Башка жоболор

- ✓ Техникалык кыйынчылыктар келип чыккан учурда *7878 жана 0501780078 номерлери боюнча күнү-түнү колдоо көрсөтүлөт
- ✓ Фискалдык эмес режимде иштеген учурда чектерди түзүүдө же отчёттор боюнча сурам жибергенде сервер менен аракеттешүү болбойт
- ✓ Касса онлайн-режимде гана иштейт
- ✓ Касса ФМ/ФМО/УСО менен байланыш болгон учурда гана иштейт
- ✓ Кассанын маалыматтарды түздөн-түз алуу мүмкүндүгү жок, негизги бизнес логика серверден ишке ашырылат.
- ✓ ПККМдин ФМ/ФМО/УСО менен байланышуусун текшерүү иштөө процессинде нөөмөттүн статусун алууга сурамдарды маал-маалы менен жиберип туруу жолу аркылуу уюштурулган
- ✓ Нөөмөт автоматтык түрдө жабылган учурда касса фискалдык операциялардын баракчаларына кирүү мүмкүндүгүн автоматтык түрдө токтотот. Колдонуучу жаңы нөөмөттү ачуу үчүн кайрадан фискалдык режимге кирүүсү зарыл.
- ✓ Фискалдык режим активдештирилген соң нөөмөттү алдын ала жаппай жана Z-отчётту генерациялабай туруп фискалдык эмес режимге өтүү мүмкүн болбойт.
- ✓ Касса фискалдык операцияларда өзү туташтырылган түзүлүштөгү убакытты колдонбойт. Фискалдык маалыматтардагы күн менен убакыттын бардык маанилери серверден түзүлөт.
- ✓ Серверге өткөрүлүп иштелип чыкканга чейин операция жүргүзүлдү деп эсептелбейт.
- ✓ Касса болжолдуу суммаларды ПККМ таандык болгон Салык төлөөчүгө карата колдонулган салык коюмдарын эске алуу менен эсептеп чыгат
- ✓ Кассада чектерди өзгөртүү жана өзгөртүлгөн чектерди ФМге, серверге жөнөтүү үчүн механизмдер жок. Сакталган бардык фискалдык маалыматтар «История» (Тарыхча) бөлүмүнөн көрүп чыгуу режиминде гана жеткиликтүү
- ✓ Жаңы түзүлүштөн сессия ачканда, мурунку түзүлүштөгү сессия жараксыз болуп калат.
- ✓ Акча каражаттарынын суммасы техникалык үтүр (чекит) белгисинин жардамы аркылуу сомду тыйындан ажыратуу жолу менен көрсөтүлөт.